● Улуттук банкта



# Улуу Жеңиштин урматына – жаңы монета




***Улуттук банк Улуу Жеңишти утурлай 15-апрелден тарта “Тарыхый окуялар” сериясындагы “Улуу Жеңишке – 70 жыл” күмүш коллекциялык монетаны жүгүртүүгө чыгарды.***

Монетанын алдыңкы бетинде георгий лентасынан “70” деген санды чагылдырган, оюп басуу ыкмасында түшүрүлгөн салтанаттуу салют тартылган. Атылган салюттун туш тарапка тараган түркүн түстүү нуру голограмма менен берилген, ал эми монетаны айланта Бишкек шаарындагы генерал-майор И.В.Панфиловдун эстелигинин барельефинде чагылдырылган согуш күндөрүнөн алынган сюжет түшүрүлгөн. Ошол эле бетинде монетанын аталышы жана номиналы берилген.

Монетанын арткы бетинде учу-кыйырына көз жетпеген, ааламды кучагына камтыган көгүлтүр көк асмандын алкагында тынчтыктын символу – ак кептердин элеси түстүү оюп басуу ыкмасында түшүрүлгөн. Кыргыз Республикасынын герби монетанын чок ортосунан орун алган.

Жалпысынан 1000 даана чыгарылган бул монета өлкөнүн аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ. Ошол эле учурда коллекциялык катарында ар бир монета акрил капсуласында жайгаштырылган жана сапаттык сертификаты тиркелип, өзүнчө кутучаларга салынган.

**Т.ИСХАКОВ**